| | |
|---|---|
| | **И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**<br><br>**КОББ (КОЛЛЕДЖ) (Н. Исанов кампусу)** |
| | **Сапатты башкаруу системасы**<br>**ДП-38/17.02-2022** |

И.Раззаков ат. КМТУнун КОББ (Колледждин) Пед. кеңешинин отурумунда каралды жана кабыл алынды
25.11.2022-ж. №3 протокол

**БЕКИТЕМ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун КОББ (Колледж) директору
Дербишева Э.Д.
«25» 11 2022-ж.

## И. Раззаков атындагы КМТУнун КОББ (Колледжинин) академиялык топторунун старосталары тууралуу ЖОБО

1. Жалпы жоболор:

1.1 Староста академиялык топтун коллективинин ыйгарым укуктуу өкүлү, студенттердин окуудагы жана окуудан тышкаркы ишмердигин уюштурууда алардын жетекчиси болуп саналат.

1.2. Староста КОББ (Колледждин) директорунун буйругу менен КОББ (Колледждин) өндүрүштүк окутуу жана тарбия иштери боюнча директорунун орун басарынын макулдугу боюнча кыйла жетишкен жана тартиптүү студенттердин ичинен бир окуу жылдык мөөнөткө дайындалат.

1.3. Староста топтун кураторуна жана КОББ (Колледждин) директорунун өндүрүштүк окутуу жана тарбиялоо иштери боюнча орун басарына түздөн-түз баш иет; администрациянын тескемелерин жана көрсөтмөлөрүн топко жеткирет жана алардын аткарылышын камсыз кылат.

1.4. Староста окуу тобунун кураторунун жетекчилиги астында иштейт.

1.5. Топтун старостасы КОББ (Колледждин) сенатына мүчө болуп эсептелет, ал КОББ (Колледждин) директорунун өндүрүштүк окутуу жана тарбиялык иштер боюнча орун басарынын жетекчилиги астында университеттин коомдук уюмдары, бөлүм башчылары, топтордун кураторлору менен тыгыз байланышта иштейт.

1.6. Топтун старостасы КОББ (Колледждин) Сенаты жана И. Раззакова ат. КМТУнун жаштар борбору менен тыгыз кызматташат, өз тобунун жалпы университеттик конкурстарга катышуусун камсыздайт.

II. Укуктары жана милдеттери

2. Милдеттери

2.1. Белгиленген формадагы журналда студенттердин окуу сабактарынын бардык түрлөрүнө катышуусун жекече эсепке алат;

2.2. КОББ (Колледждин) администрациясына студенттердин сабакка келбей калгандыгы же кечигип келгендиги жөнүндө билдирмени себептерин көрсөтүү менен жума сайын берип турат;

2.3. Лекцияларда жана практикалык сабактарда топтун окуу сабактарынын абалын, ошондой эле окуу жабдууларынын жана инвентарлардын сакталышын контролдойт.

2.4. Топтогу студенттердин билим алуу үчүн контракттык каражаттардын өз убагында төлөөсүн контролдойт.

2.5. Топтун студенттерине окуу сабактарынын расписаниесине киргизилген өзгөрүүлөр жөнүндө билдирип турат.

2.6. Студенттер арасында окуу китептерин жана окуу куралдарын кабыл алууну жана бөлүштүрүүнү өз убагында уюштурат.

2.7. Топтун студенттеринин арасында убактылуу берилген коомдук тапшырмаларды бөлүштүрөт, аларды ийримдерге, спорттук секцияларга, кызыгуулары боюнча студияларга тартат.

2.8. Университеттин бардык иш-чараларына катышуу үчүн уюштуруу иштерин жүргүзөт.

2.9. ЖОЖдун ички тартип эрежелеринде белгиленген милдеттерди аткаруу боюнча студенттерге талаптарды коёт.

2.10. Жогорудагы функциялардын чегинде старостанын тескемелери топтун бардык студенттери үчүн милдеттүү.

3. Староста төмөнкүлөргө укуктуу:

3.1. Талкууну жана жамааттык чечүүнү талап кылган маселелерди топтун жыйынынын талкуусуна алып чыгуу.

3.2. Студенттерди сыйлоо жана жазалоо боюнча администрацияга сунуштарды киргизүү.

3.3. Ар кандай деңгээлдеги чогулуштарда, жыйындарда, кеңешмелерде топтун атынан чыгуу.